«Бекитемин»
Ж.Садыков атындагы
№84 орто мектебинин
директору ________
Иманалиева Д.К

# Жалил Садыков атындагы №84 орто билим берүү мектебинин 2017-2022-окуу жылдары үчүн мектепти өнүктүрүүнүн (стратегиялык) программасы


***Адрес:****Бишкек шаары*
*Ленин району*
*Ак Өргө конушу*
*М .Өмүракунов көчөсү 45*
*тел:41-08-81*
*Ж.Садыков атындагы*
*№84 орто мектеби*

## Мектептин миссиясы:

Билим берүү компетенттүү заманбап маалыматтык өздөштүргөн, интеллектуалдуу руханий дүйнөсү бай,билими эң жогорку денгээлдеги инсанды тарбиялоо.

## Мектепти өнүктүрүүдөгү максаттар:

- Мектептин өнүктүрүү стратегиясын жана окуу тарбия процессинин системалуулугун камсыздоо.
- Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү
- Окутуунун ыкмаларын өнүктүрүү жана билим берүүнүн мазмунун тереңдетүү менен окуучуларды келечекте татыктуу инсан кылып даярдоо.
- Технологиялык каражаттарды пайдалануу менен окуу тарбия процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу
- Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо.

## Мектепти өнүктүрүүдөгү багыттар:

- Билим берүү процессин жогорулатуу.
- Инновациялык ыкмаларды өнүктүрүү
- Мектептин инфроструктурасын өнүктүрүү.
- Окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү максатында инновациялык технологияларды окутуу жана жайылтуу.
- Ар бир окуучунун чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн арттыруу
- Педагогикалык кадрлардын профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу.
- Ар бир мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнө диагностика жүргүзүү

## Мектепти өнүктүрүүдөгү милдеттер:

- Бирдиктүү билим берүүнүн натыйжалуу моделин түзүү.
- Сапаттуу билим берүү үчүн мыкты шарттарды түзүү.
- Окуучулардын чыгармачылык изденүүлөрүнүн системасын иштеп чыгуу.
- Мектепке чейинки билим берүүнүн удаалаштыгын камсыздоо
- Мектеп этикетин жана атрибуттарын, иш тартиптерин (регламентин) эрежелерин түзүү.
- Окуучулардын мектеп турмушунда өзүн өзү башкаруу уюмунун активдештирүү.
- Маалымат заманбап технологияларды колдонуунун натыйжасында мектеп жамаатынын жана окуучулардын чыгармачылык шык- жөндөмүн өркүндөтүү.
- Инновациялык жөндөмдөрүн маалымат булактарында чагылдыруу (газета, радио, вебсайт).
- Мектептеги билим берүүнүн көйгөйлөрүн чечүүдө коомдук уюмдардын жана коомчулуктун биримдигин түзүү.

| | | |
|---|---|---|
| *1* | ***Киришүү*** | 2017-2022-окуу жылдарындагы мектепти өнүктүрүү программасы мектептин чыныгы абалын көрсөткөн жана конкреттүү шарттарын, өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлгөн, заманбап көз караштарды, принциптерди чагылдырган жекече иш кагазы болуп эсептелет.<br>- 2017-2022-ж. мектептеги билим берүү системасындагы максаттарды, милдеттерди багыттарды аныктайт.<br>- Программа билим берүүнү өркүндөтүүнүн негизги өзөгүн түзөт:<br>1. Системалуулук, өз алдынча өз билимин өркүндөтүү.<br>2. Уюштуруучулук<br>**Системалуулук принциби** – билим берүүнү өркүндөтүүнүн бирдиктүү стратегиясы.<br>Өз алдынча уюштуруучулук принциби- мектептин билим берүү формасынын мыйзам ченемдүүлүгү пед. жамааттын жана окуучулар коллективинин функционалдык системасынын конкреттүү милдеттери. |
| *2* | ***Программанын мөөнөтү.*** | Программаны реализациялоо баскычтары.<br>Мектептин инфостурктурасын моделизациялоо боюнча иш чаралар<br>**2017-2018 ж.**<br>**I этап**<br>Мектептеги кадрдык маселени камсыздоо иш чарасы:<br>- Мугалимдердин кесиптик деңгээлин өнүктүрүүгө багытталган иш- чаралардын аткарылышы (тренингдер,семинарлар,мугалимдердин квалификациялык билимин жогорулатуу)<br>- Мектептеги окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн сапаттуу кадрларды топтоо.<br>- Мектеп 5 жылдыктын жыйынтыгы менен өзүн-өзү аттестациялоо иштерин жүргүзүү;<br>-<br>**2018-2019 ж.**<br>**II этап**<br>Негизги багыттар:<br>-Мектептеги билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн мектепте эксперименталдык класстарды ачуу.<br>- эксперименталдык программаларды даярдоо;<br>- мектепке заманбап технологияларды киргизүү; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - Жаңы технологияларды колдонуу менен окуучуларга терең ,сапаттуу билим берүү;<br>- Окуу кабинеттерин жаңы талапка ылайык жабдуу;<br>**Өнүгүү максаты**<br>- Мектептеги окуучуларды китеп менен толук камсыз кылуу<br>- Методикалык кабинетте методикалык банк түзүү, кошумча окутууларды киргизүү.<br>- Заманбап техникалык каражаттарды пайдалануу менен интерактивдүү сабактарды өтүү<br><br>**III-этап**<br>**2019-2020-окуу жылы**<br>**Негизги багыттар:**<br>- Жаш муундарды тарбиялоодо окуучулардын билимге болгон көз караштарын калыптандыруу;<br>-Окуу тарбия иштөө процессинин сапатын жакшыртуу;<br>-эксперименталдык аянтчадагы класстардагы окуучуларга сапаттуу билим берүү;<br><br>**Өнүгүү максаты**<br>-Окуучуларды келечекте татыктуу инсан кылып даярдоого ар тараптуу өнүктүрүү;<br>-Жаны технологиялар менен окутуунун ыкмаларын өнүктүрүү;<br>-Билим берүүнүн мазмунун терендетүү.<br>-окуу тарбия процессине жаны окуу т ехнологиялык каражаттарын пайдаланып окуучулардын билим сапатынын эффективтүүлүгүн жогорулатуу.<br>**IV-этап**<br>**2020-2021-окуу жылы**<br><br>**Негизги багыттар:**<br>-Билим берүүдөгү инновацияларды топтоо, таратуу, жайылтуу, анализдөө.<br>-Окуучулардын жөндөмүн өнүктүрүүнүн системасынын моделин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;<br>-Ар бир предмет боюнча атайын курстарды уюштуруу, эксперименталдык программалардын |

| | | |
|---|---|---|
| | | үстүндө иштөө;<br>-Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмун жанылоо жана ишин уюштуруу;<br>-Эксперименталдык аянтчадагы класстардын жыйынтыгын изилдөө;<br>-Методикалык проблеманын жыйынтыгын анализдеп чыгаруу;<br>-Мектептин материалдык базасын чыңдоо;<br><br>**Өнүгүү максаты**<br>-Мектептин иш тажрыйбасын байытуу;<br>-Билимдин мазмунун учурдун талабына ылайык денгээлде класстан тышкары иштерди комплекстүү жүргүзүү;<br>-Окуучулардын ар тараптан өнүгүшүн камсыз кылуу;<br>-Мектептин өнүгүшүн жаны денгээлге көтөрүү;<br>-тарбия жана класстан тышкаркы иштерде окуучулардын ролун жогорулатуу;<br>-мектептин жетишпеген денгээлин аныктоо;<br>-Жетишпеген ийгиликтер, кемчиликтерди белгилоо анын үстүндө иштөө;<br>-Окуу тарбия процессине технологиялык каражаттарды пайдалануу менен эффективдүүлүгүн жогорулатуу.<br>-Мугалимдин билимин өркүндөтүү<br>-Мугалимдин квалификациялык категориясын жогорулатуунун үстүндө иш алып баруу<br>-Мектептин өзүн өзү аттестациялоо боюнча иш кагаздарды даярдоо<br>**V-этап**<br>**2021-2022-окуу жылы**<br>**Жыйынтыктоо**<br><br>Эксперименттик программалардын берген жыйынтыгы |
| *3* | ***Программанын түзүлүшү.*** | - Мектеп жөнүндө маалымдама<br>-Мектепти өнүгүү концепциясы<br>*программанын актуалдуулугу анын мектептин келечеги үчүн маанилүү болгон азыркы учурдагы мектептин проблемаларын жоюу<br>Алар төмөнкүлөр:<br>*мектептин жана ЖОЖдун байланышын чыңдоо<br>*окуу прцессин компьютерлештирүү жаңы методикалык ыкмаларды пайдалануу |

| | | |
|---|---|---|
| | | *мектептин материалдык базасын чыңдоо<br>*талантту балдар менен иш алып баруу<br><br>-Өнүгүү программасын ишке ашыруудагы негизги принциптер<br>***Гумандаштыруу принциби**-КР "Билим Берүү" законунун, балдардын укугун коргоо конвенциясынын ж.б. нормативдик документтердин негизинде мугалимдин жана окуучулардын укугун сактоого;<br>Илим жана маданияттын адабият жана исскуствонун өнүгүшүнө тарыхый баалулуктарды адамзаттын баа жеткис энчин сактоого жана калыптандырууга багыттайт.<br><br>***Кызматташтык принциби**- мугалимдердин кадыр баркын колдоо, өз ара мамиле түзүү, мугалидердин жана ата-энелердин ишениминин негизинде окуучулардын өзү-өзү баалоосун жогорулатуу<br><br>***Окутууну өнүктүрүү принциби**- педагогикалык жаңы технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын өзүн өзү өнүктүрүү жана чыгармачылык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү<br><br>***Дифференциялаштыруу принциби**- окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө жана шыгына жараша өнүктүрүү<br><br>***Системалуу принциби**-билимдердин уланмалуулугунун сакталышына багыттайт<br><br>- Өнүктүрүү программасынын иш- чараларынын системасы.<br>- Өнүктүрүү программасын реализациялоонун механизми.<br><br>- **Өнүгүү программасынын технологиялык камсыздануусунун концептуалдык позициясы**<br><br>- Окуу-тарбия ишинин камсыздандыруусу укуктук нормативдик камсыздануусу аркылуу ишке ашат<br>- Окуу-тарбия ишинин камсыздандыруусу материалдык,техникалык,кадрдык, спорттук |

| | | |
|---|---|---|
| | | чыңдоо сапаттуу кмсыздандыруу шартында эффективдүү мүнөздөмө бере алат.<br>- Базалык окуу чөйрөсү, базалык билим берүүнү кеңейтүү терeңдетүү.<br>- Креативдүү билим чөйрөсү-ийримдер,клубдар, проектилер,конкурстар.<br>- -Тарбия берүү чөйрөсү- окуучулардын өзүн өзү башкаруу уюму, дебат, конкурс диспут, илимий конференция.<br><br>**Өнүгүү программасынын илимий усулдук камсыздандыруулусу**<br><br>-Илимий маалымдоо, консултациялоо<br>-ЖОЖдор менен кызматташтыкты күчөтүү.<br>-Эл аралык фонддор менен кызматташтык (жеткиликтүү мектеп долбоору, бирге окуйбуз долбоору, волонтер менен кызматташтык)<br>-Педагогикалык технологияларды иштеп чыгуу.<br>-Текшерүү диагностика жүргүзүү.<br>**Педагогикалык чеберчиликтин сапатын жогорулатуу**<br>-педагогикалык кадрларды аттестациялоо.<br>-өзүн өзү көзөмөлдөөгө катышуу (квалификацияны жогорулатуу курстары, мектеп ичинде тренинг семинарды өтүү)<br><br>**Прфессионалдык компоненттүүлүк**<br><br>-илимий усулдук кеңеш-жалпы билим берүүнү калыптандыруудагы мугалимдердин бирге аракеттешүүсүн кординациялоо чөйрөсү<br>-чыгармачылык инновациялык топтор-алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо жана жайылтуу чөйрөсү<br>-экссперттик аналитикалык топ- жаңылануу эксперименталдык иштерди анализдөө, кординациялоо чөйрөсү.<br><br>**Билим берүүнүн мазмунун модернизациялосунун негизги багыттары**<br><br>-Билим берүүнүн мазмунун окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата<br>3 баскычтан турат |

| | | |
|---|---|---|
| | | I баскыч<br>Башталгыч билим берүү 1-4 кл.<br>II баскыч<br>Негизги билим берүү 5-9 кл.<br>III баскыч<br>Орто билим берүү 10-11 кл.<br><br>-Окуу материалдарынын жаңыланышы<br>-мультимедиялык компьютердик программалар аркылуу окутуу<br>-Мониторингдик баалоо |
| *4* | ***Күтүлүүчү натыйжалар.*** | - Билим берүү системасында лидердик позициянын сакталышы<br>- Мектепте бирдиктүү билим берүү жана маалымат мейкиндиги.<br>- Мектепте билим берүүдөгү гумандуу тенденция, атуулдук жана нравалык тарбиянын калыптануусу<br>- Педагогикалык жамааттын кесиптик чеберчилигинин өсүшү.<br>- Мектептин окуучуларынын ата- энелеринин көңүлүн билим берүү жана тарбиялоого буруу<br>- Окуучулардын ден соолугун сактоо<br>- Окуучулардын өзүн өзү башкаруу. |
| *5* | ***Системасынын өнүгүшү*** | Директор, колго алат өзүнүн окуу- тарбия иштери боюнча орун басарлар, методикалык иштер боюнча директордун орун басары мектептеги программанын аткарылышы менен көзөмөлгө алат . |
| *6* | ***Мектептин инфраструктурасынын өсүшү*** | Маселелери:<br>- Мектептин материалдык техникалык базасын бекемдөө<br>- Информациялык- техникалык борбор түзүү<br>- Мектептин өнүгүшү үчүн ата-энелер менен бирдиктүү инновациялык мамиле түзүү<br>- Мектеп менен башка социалдык партнерлор, ата-энелер коомчулугу, жана бүтүрүүчүлөр менен байланышты активдештирүү.<br>- Мектептин ата-энелер коомчулугу менен бирдикте чыгармачылык изилдөөчүлүк илимдерди жүргүзүү.<br>- Ата- эне менен мугалимдердин ортосунда жагымдуу маанай түзүү<br>- Медициналык тейлөөнү жакшыртуу, эмдөөлөрдү өз убагында жүргүзүү, санитардык эрежелерди |

| | | |
|---|---|---|
| | | сактап, тамактануунун рационалдуулугун жогорулатуу.<br>- Окуу процессинде дени сак окуучуну тарбиялаш үчүн жаңы технологияларды жана жаңы методикаларды пайдалануу менен ар кандай спорттук иш-чараларды, медициналык тейлөөнү жакшыртып, сапаттуу тамактанууну жөнгө салуу. |
| 7 | ***Көйгөйлүү маселелер*** | -Ар бир класстагы окуучулардын санын көптүгү<br>-кабинеттердин жетишсиздиги.<br>-окуу китептердин жетишсиздиги (өзгөчө орус тилде окутулган класстарда) |